КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезексиз XIV сессиясы

ТОКТОМ

2025-жылдын 19-декабры №01-06/14-04 Үч-Коргон айылы

Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнүн Үч-Коргон жалпы билим берүү мектебин Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн балансына муниципалдык мектеп катары өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө.

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ,6-беренесин, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, жана 39-беренелерине ылайык, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнүн Үч-Коргон жалпы билим берүү мектебин, Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн балансына муниципалдык мектеп катары өткөрүп алууга макулдук берилсин.

2. Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жагы Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы О.Шакировго жүктүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңешинин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагы агрардык жана айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: **Б.Бердибеков**